- относительное размещение движений при выполнении точки окончания заключительного штриха диактрического знака на линии письма; ниже линии письма или выше линии письма;

- относительное размещение движений при выполнении точки соединения дугового штриха и диактрического знака на уровне, выше уровня или ниже уровня средней линии письма;

- размещение точек пересечения движений диактрического знака на линии, ниже линии или выше линии письма.

Идентификационная значимость указанных признаков определяется экспертом преимущественно на основе его опыта.

Необходимо помнить, что каждый из частных признаков почерка только тогда становится характерным для почерка конкретного человека, когда он выполнен с отклонением от норм прописей и устойчив на протяжении всей рукописи в данном элементе или букве [4].

**Список использованной литературы:**


1. Рысбаев С.К., «Алиппе дептери». – Б., 2000 – 47 с.
2. Словарь иностранных слов. Под редакцией Лехина И.В., Петрова Ф.Н., М., 1954. С. 222
3. Википедия – свободная энциклопедия. https://ru.wikipedia. org/wiki.13/12/16/.
4. Почерковедение и почерковедческая экспертиза. Учебник под редакцией Серегина В.В. Волгоград, 2007. С.88



***Тенти Искаков,***
***Чыгыш университетинин профессору***
***Сапаралиев Т. Н.,***
***улуу окутуучу,***
***Махмуд Кашкари Барскани атындагы Чыгыш униврситети***


## ФРАНЦИЯНЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫ


*Аннотация: Франциянын айыл чарба тармагынын көпчүлүгү коллективдештирилген ыкма менен өндүрүү жакшы жолго коюлгандыгы белгиленген. Мындай ыкма айыл чарбасын өнүктүрүүгө абдан жакшы шарт түзөөрү көрсөтүлгөн.*

*Аннотация: Франция применяя коллективные методы специализации хозяйств добивается хороших успехов в развитии многих отраслей . Автор отмечает применение узких специализаций крупных масштабов дает большой успех.*

*Summary: Upon transition to market economy, the Kyrgyz Republic used a collective method of householding. The author on the example of application of a collective method of householding in France proves that it leads to good progress in development of many industries.*

*Негизги тушунуктор: коллективдуу ыкма, адистештирүү, чарбаны өнүктүрүү, ар түрлүү тармактардын биригиши.*
*Ключевые слова: Коллективный метод, специализация, развитие хозяйства, обединение разных отраслей*

Жерди иштетүү жеке чарбалар тарабынан жүргүзүлгөндүгүнө карабастан. Фрациянын айыл чарбачылыгы мамлекет тарабынан дайыма көз салынып колдоого алынган тармак. Продукциянын чоң бөлүгүн чоң чарбалар үлүшү 20-100 гектарды кучагына алгандар беришет бирок майда жана орто чарбалар көпчүлүгүн түзөт. өндүрүлгөн продукциялардын көлөмү Батыш Европа аймагы боюнча 1-орунда. Ал эми дүйнө бонча АКШ жана Канададан кийинки 3-орунду ээлейт. Буудай, жууган май, уй эти, быштактын 400 дөн ашык сортторун өндүрүшөт. Айыл чарбасы боюнча 50 пайыздан ашуун продукцияны мал чарбасы (уй чарбасы) берет. Адатка ылайык экспортко винонун чоң бөлүгү жөнөтүлөт. Европада продукциянын генетикалык түрүн өндүрүүгө фермерлер абдан каршы турган мамлекет. Ошондуктан Франциянын продукциясы салтка ылайык сапаты боюнча жогору бааланат.

Франция – Батыш Европадагы айыл чарба продукциясын өндүрүүдө алдыңкы орунду ээлейт. Айыл - чарба өндүрүшүнүн 2008-жылдагы абалы боюнча ички дүң продукциянын 2,2 пайызнын жана жеке өндүрүүчүлөрдү кошкондо 3.3 пайыз туура келген. Бирок Европалык бирикмеде 25 пайызнын түзгөн. Социальдык-экономикалык түзүлүштөгү мүнөздүү белгиси чарбалардын майда экендиги алардын орточо жер аянты 28га. Европалык бирикмедеги чарбалардын аянтынан бирдалай жогору, ал эми жерди иштетүү боюнча өтө майдалангандык белгиленет. Чарбалардын чоң бөлүгү жеке менчик жер ээлери өндүрүштүн алдыңкы күчү чоң чарбалар. Алар өндүрүлгөн продукциянын 2,3 бөлүгүн ээлеп, иш жүзүндө айыл чарбада жогорку орунда турушат.

Айыл чарбада ар кандай группаларда иштөө кеңири таралган. Булардын ичинде маанилүү орунду кооперативтер ээлешет биринчи кезекте айыл чарба техникаларын пайдалануу боюнча кооперативтер өндүрүштүн баардык тармактарында иштешет. Алар вино өндүрүүчү тармакта 50 пайыз өндүрүштү камсыз кылышат жашылча консерванын 30 пайызын эт сатууну 25 пайыздан ашуун, сүт продукциясын 40 пайыздан ашуун өндүрүшөт. Чоң капиталистердин чабуулуна каршы туруу максатында 1960 жылдан баштап орто жана майда чарбалар айыл чарба өндүрүштүк бирикмелерге бириге башташты. Негизинен тармактык жана аралаш мүнөздөгү айыл чарбасын

башкаруу мамлекеттик атайын органдар аркалуу жүргүзүлөт. Мамлекеттин тезтөөсү негизинен экономикага таасир берүү менен жүр-гүзүлөт. Ар кайсы жерлерде бөлүмдөрү бар атайын «Креди Агриколь» өңдүү банктар жана социальдык экономикалык өнүктүрүүгө жардам берүүчү фонд иштешет. Айыл чарба багытындагы Европалык банк структуралык саясатты иштеп чыгууда чоң таасирин тийгизет. Кээ бир өсүмдүктөрдү өндүрүүнү кеңейтүү чарбанын структурасын бекемдөө жана ашыкча өндүрүүнү кыскартуу максатында мамлекеттик кызыктыруу ыкмалары колдонулат.

Мал чарбачылык негизги тармак анын үлүшүнө агрардык өндүрүштүн 2,3 бөлүгү туура келет. Батыш өлкөлөрдүн ичинен биринчилерден болуп Франция арпа жана кумшекер экичи буудай, вино жана эт өндүрүүнү камсыз кылышат. Салт катары тармактардын ичинен жүзүм өстүрүү, бакчылык жана устрица өндүрүү орун алган. Айыл чарбасында жумуш аткаруу жогоку деңгээлде механизациялаштырылган. Техника менен камсыз болушу химиялык семирткичтерди пайдалануу боюнча Нидерланд, Германия жана Даниядан гана кийин турат. Техника менен камсыз кылуу жана чарбаларда агрардык маданиятты жогорулатуу менен өлкөнү айыл чарба продукциялары менен камсыз кылуу ишке ашырылат. Дан эгин, кумшекер менен камсыз кылуу 200 пайыздан ашуун, жууган май, жумуртка эт менен 100 пайыздан ашуун. Айыл чарбасында кооперативтерди уюштуруу негизинен төмөндөгү үч формада жүргүзүлөт:

1) Францияда айыл чарбасында кооператив деген түшүнүктөгү ишканалар «фермерлер өздөрүнө тийешелүү болгон баардык ресурстарды биргелешип пайдалануу менен экономикалык иш аракеттерин өнүктүрүү жана жеңилдетүү, алардын жыйынтыгын жакшыртуу» деп кабыл алышат.

2) Кооперативтерден тышкаруу Францияда биргелешкен айыл чарба кызыкчылыгын колдогон коомдор, ишканалар өнүккөн. Алардын максаты «фермерлердин жана башка райондордо жашаган айылдык жашоочуларга жардам көрсөттү боюнча ишканаларды уюштуруу жана башкаруу» болуп эсептелет, алардын статусу юридикалык жактан кооператив сыяктуу.

3) Айыл чарбадагы кооперативтердин үчүнчү формасы айыл чарба техникаларын биргелешип пайдалануу болуп эсептелет. Алардын негизги иш аракеттери айыл чарба жумуштарын аткаруу, эң негизинен түшүмдү жыйноо, мелиорация жана токой чарбачылыгына жардам берүү.

Айыл чарбада иштеген кооперативтердин укуктук жагы кооперативке тийешелүү принциптерге туура келет. Алардын негизи 1995 жылы эл аралык кооперативтер бирикмесинде кабыл алынган, Франциянын айыл чарба кооперативтери айрыкча уюмдар алар коммерциялык жана коомдук уюмдардан айырмаланат. Айыл чарба кооперативтердин иштеши жана нормасы Франция республикасынын Агрардык кодексинде бекитилген. Ошондой эле айыл чарба кооперативтерин жайылтууда 1947 жылы 10 сентябрда кабыл алынган

кооператив жөнүндөгү негизги закон чоң мүмкүнчүлүк берет. Айыл чарба кооперативтери Агрардык кодекстин талабына ылайык төмөндөгү критерияларга жооп бериши керек:

- белгиленген мөөнөткө ар бир кооператив. Кооператив союзунун тейлөөсүн пайдаланышы керек жана белгиленген өлчөмдөгү мүчөлүк үлүшүн төлөшү абзел;
- кооператив өздөрүнүн мүчөлөрүнө гана иш аткарууга милдеттенет;
- мүчөлүк үлүш капиталга карата проценттик кошумчаны жана акционердик коом катарында дивидендик төлөмдү чектөө;
- аткарган иштерине жараша төлөм бүткөндөн кийин калган кирешени тең бөлүштүрүү;
- кооперативтин жалпы жыйналышында анын мүчөлөрүнүн тең укуктуулугу

Айыл чарба кооператив иштеп жаткан администрадивдик райондун территориясында жашаган баардык адамдар жана юридикалык жактар, башка майда кооперативтер жана бирикмелер ага мүчө боло алышат. Кооператив союздун мүчөсү болуп башка кооперативтер жана кооператив бирикмелери союздун иш аракетине кызыккан баардык юридикалык жактар кире алышат. Акыркылардын санына салыштырмалуу аз жалпы жыйналыштагы алардын добушу 1,5 гана үлүшүн түзөт. Кооператив мүчөлөрдүн үлүшү жалпы капиталдын суммасынын эч болбогондо теңин ээлеши керек. Кооперативтин ассоциациалык мүчөсү болуп пенсиядагы мурдагы фермерлер, кооператив жумушчулары кредиттик уюмдар, айыл чарба палаталар же департаменттер боло алышат. Кооператив ашыкча алган кирешени ассоциалык мүчөлөргө бөлүштүрбөйт себеби алар жумуш аткарууга катышпайт. Бирок өздөрү кошкон суммага жогорулатылган киреше алышат. Ассоциациалык мүчөлөрдүн саны жалпы жыйналыштагы добушу 1,5 дан көп болбошу кабыл алынган талап.

Кооператив жөнүндөгү закондон 1972 жылдан баштап анча көп эмес өйдө-ылдый өзгөрүүлөргө барууга жол берет. Мисалы кооперативдин уставына ылайык мүчө эмес башка ишканаларга жалпы кооператив боюнча аткарылган жумуш көлөмүнөн 29 пайыздан көп эмес иш аткарууга жол берет. Бирок мындай аткарылган жумуштардан алынган кирешеден коммерциалык коомго салынуучу налог көлөмү мамлекетке алынат. Үчүнчү жак менен иштөөдөн алынган киреше баардык мүчөлөргө бөлүштүрүлбөйт кооперативдин бөлүнбөс фондусуна чегерилет.

Кооператив уюштуруу үчүн анын мүчөлөрү 7 адамдан кем болбошу керек. Кооперативдин иш аракети укуктук статусу жоболор жана көпчүлүк жыйналышта кабыл алынган Устав менен чектелет. Бул Устав өкмөттүн токтому менен бекитилет.

Акыркы жолу 16-январь 1990-жылы атайын токтомдун негизинде алты түрдүү айыл чарба кооперативдер үчүн кабыл алынган:

1) «Түшүмдү жыйноо,сатуу» (бул кооперативдердин максаты айыл жана токой чарба продукциясын өндүрүү жана сатуу)

2) «Чарбачылыкты бирге жүргүзүү» (мал чарба жана көп тармактуу коопертивтерде продукция өндүрүү кайрадан иштетүү жана сатуу.)

3) «Секциялар» (ички татаал структурасы бар кооперативтерде, шайлоодо добуш берүүнүн маанилүү чечим кабыл алуудагы өзгөчөлүктөрүн эске алуу, булардагы мүчөлөрдүн саны жана территориялык чачыранды болгондуктан керектүү кворум жыйноонун татаалдыгын эске алуу).

4) «Дан эгиндер» (кооперативдердин максаты дан эгиндерди өндүрүү, сактоо, кайрадан иштетүү жана сатуу).

5) «Жабдуу» (кооперативтердин максаты өзүнүн мүчөлөрүн продукция менен жабдуу, куралдар жана жаныбарлар менен керектүү өлчөмдө камсыз кылуу).

6) «Тейлөө» (кооперативтердин максаты айыл чарба машиналардын, техникалардын, жаныбарларды тейлөөсүн көрсөтүү, адистердин тейлөөсүн, техникаларды күтүү жана ремонттон өткөрүү, жасалма жол менен уруктандыруу).

Айыл чарба кооперативтери стандарт боюнча тармактык белгилерине карай классификацияланат (эт, сүт, вино ж.б.) же аткарган иши боюнча (сатуучу, кайра иштетүүчү, жабдуучу, тейлөөчү кооперативтер). Мындай учурда тармактык классификация иш жүзүндө кеңири пайдаланылат ал эми иш аткаруу функциялары шарт катары гана болуп калат. Себеби үстүбүздөгү учурда кооперативтердин көпчүлүгү ар кандай көп иштерди аткарышат.

Кооперативтерди классификациялоо, секторлорго бөлүштүрүү, кээ бир учурларда структуралык көрсөткүчтөрдүн негизинде да жүргүзүлөт:

- кооперативтин көлөмү (бул жерде бир канча көрсөткүчтөр пайдаланышы мүмкүн, мисалы мүчөлүк акы базасы);
- уюштуруу түзүлүшү (биринчи деңгээлдеги кооперативтер жана кооперативдик бирикмелер. Алардын тышкы ишканалары кооперативти башкаруу механизми жана бийликти башкаларга бөлүштүрүп берүү;
- тармактын ичинде интеграциянын даражасы (өндүрүштүк байланыштын узундугу, башкача айтканда кооператив тарабынан контролго алынган өндүрүштүк бөлүкчөлөрдүн саны);
- өнүгүүнүн стратегиясы (кооперативти өнүктүрүүнүн артыкчылыктары).

Милдет мүмкүн болушунча жогоруда көрсөтүлгөн кооперативтерди классификациялоодо пайдалануучу артыкчылыктарды табуу жана колдонуу менен кооперациялоонун милдетин территориялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен интегралдык кооперативтерди райондордо уюштуруу. Мүмкүн

болушунча кооперациялоодо төмөндөгү классификациялоонун белгилерин эске алуу менен, территориялык өзгөчөлүктөрүн билүү менен райондордо кооперациялоонун моделдерин туура колдонууда турат Айыл чарба кооперативтерин вертикалдуу адистештирүү боюнча алардын көп тармактуулугун эске алуу менен эки чоң категорияга бөлүштүрүүгө мүмкүн адистештирилген жана көп тармактуу кооператив деп. Кооперативтердин көпчүлүгү адистештирилген категорияга киришет себеби алар кандайдыр бир тармакта иштешет. Алардын иш аракеттери кандайдыр бир тармакта (мисалы эт, сүт, винодон эгин кооперативи) же айыл чарбасында тейлөө көрсөтүүчү тармактарда көп тармактуу кооперативтер ар кандай тармактарда иштешет алар экономика үчүн чечүүчү күчкө ээ. Адистештирилген жана көп тармактуу кооперативтердин айырмасы мына ушунда. Көп тармактуу кооперативтер Франциянын батышында Луара регионундагы жерлерде алар «Террена», «Юнион Сеть»

Вертикалдуу интеграция деңгээли өндүрүштүн ички тармагында өнүккөн, мисалы сүт тармагында токтоосуз кайрадан тез иштетүүгө байланыштуу. Сүттү кайрадан иштетүү тармагындагы адистештирилген чарбалар негизинен батыш тарапта орун алган. Алар «Глак», «Ераль Пуатурэн», «Эвен», «Террена», «Коралис», «Кооагри Бретань», «Юникола», «Изиньи Сен-Мер». Батыштан тышкаруу өзүнүн кайрадан иштетүүчү өтө чоң өндүрүшү бар сүт кооператив-«Альянс Агро - Алимантэр» (Түштүк Пиренеиде) иштейт. Калган региондордун сүт кооперативи сүттү башка кооператив союздарына (негизинен «Содиаль») же башка ишканаларга тапшырышат. Мисалы кооператив «Агриаль» сүттү «Бонгрэн» компаниясына тийешелүү заводуна тапшырат. Башка региондордо сүт тармагында иштеген чоң кооперативтер менен бирге майда кол өнөрчүлүк тибиндеги кооперативтер аз өлчөмдөгү сүттү кайрадан иштетишет. Башка региондордо сүт тармагында иштеген чоң кооперативтер менен бирге майда кол өнөрчүлүк тибиндеги кооперативтер аз өлчөмдөгү сүттү кайрадан иштетишет. Булар чыгыш жана борбордук массивтеги коопративтерге мүнөздүү.

Вертикал боюнча интеграция жүргүзүү дан эгин тармагында аракеттенишет. Алар фкрмерлердин продукциясын сатуу кайрадан иштетүү жана өндүрүштүк кара жаттар менен жабдуу багытында иш жүргүзүшөт өндүрүштүн эң төмөнкү этажында үрөнчүлүк жана минералдык семирткичтер менен жабдуу тарабында иш жүргүзүшөт. Сүт тармагына салыштырганда дан эгиндерди кайрадан иштетүү тармагындагы кооперативтердин иштеши анчейин баалуу эмес, себеби аларды алыскы аралыка ташуу, сактоо иши жөнөкөй жана ылайыкту. Кайрадан иштетүү аралашма тоюттарды (комбикорм) даярдоо тармагында кооперативтердин өздөрү же өнөктөш ишканалар иштешет. Дан эгиндерди кайрадан иштетүүдө (ун даярдоо, угут өндүрүү ундан пряник, печенье ж.б. даярдоо боюнча) чоң кооперативтер аракеттенишет. Мисалы

кооператив «Шампань Сереаль» ун даярдоочу «Нютриксо» компаниясы менен бирдикте иш алпарышат.

Эт даярдоо тармагында иштеген кооперативтерде абдан чоң контраст байкалат, себеби кыска өндүрүш тармагында иштеген кооперативтер өтө чоң вертикалдык интеграция менен иштеген кооперативтер, ошол эле учурда тоют даярдоо, малды союу, этти кайрадан иштетүү, эт сатуу, ишиндегилер менен дагы иш жүргүзүөт. Мындай кооперативтер адатта уй этин даярдоочу региондордо Лумузен, Бургундия, Овернь борбордук райондордо өнүккөн.

Экинчиден, чочко жана канаттуулардын этин даярдоочу кооперативтер негизинен батыш райондордо Бретания, Луара өрөөндөрүндө жайгашкан.

Акыркы жыпдарда майда кооперативтердин саны азайышы менен көлөмү чоң кооперативтер көбөйүп жатат. Аларда эигек өндүрүмдүүлүк жогорку ылдамдыкта өсүп жатат, себеби өндүрүштүк каражат, техника менен жабдылышы өнөр жай тармагынан дагы жогору. Кийинки 25 жыл ичинде фрацуз фермерлеринин саны эки эсеге кыскарган өнөр жай тармактарына салыштырганда француз фермерлеринин эмгек өндүрүмдүүлүгү эки эсе жогору.

Эң жогорку техника менен жабдылган автомобил чыгаруучу тармак менен салыштырганда айыл чарбанын өндүрүмдүүлүк деңгээли абдан жогору. Европалыкк бирикме боюнча Франциянын өндүргөн продукциясы 23пайызын ээлейт. Башка тармактарга салыштырганда азыркы айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүк дең гээли абдан жогору.

***Искаков Тенти***
*Кашкари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин профессору*

## ЭМНЕ Ү ЧҮ Н ЭКОНОМИКАБЫЗ АҢГА ТҮШТҮ

***Аннотация:*** *Кыргыз республикасы рыноктук экономикага өтүүнүн тездетилген ыкмасын колдонуу менен иш жүзүндө көптөгөн каталыктарды кетирип республикасынын экономикасын кескин томондотуп жиберди. Экономиканы кайрадан туура жолго салып өнүктүрүү чарбачылык жүргүзүүнү коллективдештүрүү ыкмасын колдонууну сунуш кылынат.*

***Аннотация:*** *При переходе к рыночной экономике Кыргызская Республика применяло ускоренной метод который нарушила плавный переход к рынку в этой связи в экономике происходило отставание. Для ускорения развития экономики следует использовать коллективный метод ведения хозяйства.*

***Негизги тушунуктор:*** *Базар экономикасы, экономиканын өнүгүшүн тездетүү,*

*Коллективдештирүү ыкмасы менен чарба жүргүзүү.*